Толегенова Дина Мелдебек кызынын «Түрк тилдериндеги фитонимдердин структура-семантикалык типтери» 10.02.06 – түрк тилдери адистиги боюнча жазылган кандидаттык диссертациясына

Пикир

**Излдөөнүн актуалдуулугу**. Фитонимдик катмар атайын лингвистикалык өңүттө кыргыз жана түрк тилдеринде ушул мезгилге чейин изилдөөнүн объектисине айланбагандыгы жана тектештирме салыштырма планда иликтенбегендиги кала берсе тилибиздин азыркы абалында семантикалык жактан түпөйүлүктү туудурган сөздөрдүн маанисин ачып берүү изилдөөнүн заманбаптуулугун аныктайт.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Жалпы түрк тилдеринин алкагында азыркы кыргыз тилиндеги фитонимдер боюнча биринчи жолу тарыхый жана кеңири масштабдагы изилдөө жүргүзүлгөн. Типологиялык тектештирме планда бардык лингвистикалык лексемалардын алгачкы аракеттеринен тарта азыркы формасына чейинки мыйзам ченемдүү өнүгүүсү анализделген. 2. Фитонимдердин семантикалык пландагы өнүгүүсү жеке эле кыргыз тилинин илимий булактары аркылуу такталбастан, байыркы түрк булактарынан жана тектеш, тектеш эмес тилдердеги фундеманталдуу эмгектер изилдөөчү тарабынан пайдаланылган.

**Илимий изилдөөнүн жаңылыгы**. Кыргыз тилиндеги фитонимдер жалпы түркологиянын алкагында биринчи жолу диссертациялык денгээлде изилдөөгө алынгандыгында. Бир эле мезгилде, структуралык планда иликтенип, составдык өзгөчөлүктөрү аныкталган. Айрым учурда фитонимдердин фонетикалык түзүлүшү жана семантикалык жылышуулардын себептери да илимий көз караште талдоо жүргүзүлгөн.

Ошондой эле изилдөөнүн мазмунун чагылдырган 6 илимий макала жарыяланып, анын ичинен чет элдик индекстелген (РИНЦ) илимий басылмаларда 2 макала жарык көрдү.

Изилдөөдө төмөнкүдөй жалпы тыянактар чыгарылган:

1) түрк тилдериндеги жана азыркы кыргыз тилинде сакталган байыркы фитонимдик кор орток лингвистикалык эстеликтер. Ал бардык түрк тилдеринде жолугат жана коомдун өкүлдөрүнө бирдей тиешелүү. Бизди курчаган жашыл дүйнө жашоону негизи катарында каралат.

2) Фитонимдер коомдук турмуштун бардык тармактарында активдүү колдонулат. Фитонимдер жандуу тилде туруктуу, колдонушу жыш;

3) Фитонимдерди изилдөө ар кыл илимдердин жоболоруна кайрылууга мажбурлайт. Аларды иликтөө лингвистикалык, географиялык биологиялык, жалпы теологиялык, этнографиялык, гносеологиялык, политологиялык, семиотикалык ж.б. тармактардагы маалыматтарды пайдаланууну, сыпаттоону талап кылат.

Изилдөөчү келечекте жүргүзүлө турган багыттарды сунуш иретинде белгилеген:

1) Түрк тилдериндеги байыркы фитонимдердин формаларын толук форматта, б. а. орток формаларын кошуп, кеңири изилдөө жүргүзүү керек;

2) фитонимдерди терең талдоо максатында фольклордук, этикалык, этнографиялык, ботаникалык лингвометодикалык, когнитивдик атайын изилдөө иштери алып барылышы зарыл.

Жогорудагы жыйынтыктарды эске алып Толегенова Дина Мелдебек кызынын “Түрк тилдериндеги фитонимдердин структура-семантикалык типтери"деп аталган кандидаттык диссертациясын ачык коргоого сунуштаса болот.

Илимий жетекчи: филол. илим. доктору, проф. Б.Е. Дарбанов

Профессор Б.Е. Дарбановдун кол тамгасын тастыктайм

АРБУКБнын башчысы Н. Аматова

КАДРЛАР БАШКАРМАЛЫГЫ